**Ж. БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**И. РАЗЗАКОВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Д 08.23.666 диссертациялык кеңеши**



Кол жазма укугунда УДК:
332.145(575.2)(043.)



**ТОКТАЛИЕВА АСЕЛЬ КАРЫБЕКОВНА**


# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КУРУЛУШУНДАГЫ КОРПОРАТИВДИК БАШКАРУУНУ ӨНҮКТҮРҮҮНҮН РЕГИОНДУК АСПЕКТТЕРИ

08.00.06 – улуттук жана региондук экономика

Экономика илимдеринин кандидаты окумуштуу
даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын
авторефераты

**Бишкек-2024**

Иш И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин «Менеджмент» кафедрасында аткарылды

| | |
|---|---|
| **Илимий жетекчи** | **Шербекова Анарбубу Аманкуловна,** экономика илимдеринин доктору, профессор, И.Раззаков атындагы КМТУнун финансы, талдоо жана эсепке алуу кафедрасынын профессору |
| **Расмий оппоненттер:** | **Токсобаев Булат Темирбекович,** экономика илимдеринин доктору, профессор, М. Рыскулбеков атындагы КЭУнун үзгүлтүксүзачык билим берүү институтун директору |
| | **Сакибаев Канатбек Шерикбаевич,** экономика илимдеринин кандидаты, доцент, Ош мамлекеттик университетинин менеджмент жана маркетинг кафедрасынын доценти |
| **Жетектөөчү уюм:** | К. Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университети, экономикалык программалар жана башкаруу кафедрасы, дареги: 720044 Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Ч. Айтматов проспекти, 27 |

Коргоо 2024-жылдын 28-июнунда 16.00дө Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жана И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин алдындагы экономика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн диссертацияларды коргоо боюнча Д 08.23.666 диссертациялык кеңешинин жыйынында 720033 Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Фрунзе көчөсү, 547 дареги боюнча өтөт.

Диссертацияларды коргоону онлайн көрсөтүүнүн идентификациялык коду: https://vc.vak.kg/b/082-wra-13n-j9d

Диссертация менен Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин (720033, Бишкек ш., Жибек Жолу проспекти, 394) жана И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин (720044, Бишкек ш., Манас проспекти, 66) китепканаларынан, ошондой эле КРП УАК сайтынан https://vak.kg/d_08_23_666/118862/ таанышууга болот.

Автореферат 2024-жылдын 27-майында таркатылды

Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы,
экономика илимдеринин доктору, доцент Есеналиева Б.Б.

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Изилдөөнүн актуалдуулугу Кыргыз Республикасынын (КР) курулуш тармагында корпоративдик башкаруунун учурдагы абалы тышкы жана ички чөйрөнүн өзгөрүп жаткан шарттарына тез ыңгайлашууну талап кылган учурдун чакырыктарына жана туруктуу өнүктүрүүнүн максаттарына жетишүүгө дайыма эле натыйжалуу жооп бербегендиги менен шартталган. КР экономикасынын азыркы шарттарында региондук аспектте курулушту өнүктүрүү процесстерине жана анын деңгээлинин абалына илимий-методикалык жактан изилдөө жана ой-жүгүртүү өзгөчө мааниге ээ жана буга карата корпоративдик башкарууну өнүктүрүүнүн багыттарын жана механизмин издөө жана иштеп чыгуу абдан актуалдуу болуп саналат.

Ушуга байланыштуу курулуш тармагында корпоративдик башкарууну өнүктүрүүнүн региондук аспекттерин изилдөө изилдөөнүн артыкчылыктуу багыты болуп калат, ал корпоративдик жана региондук факторлордун өз ара аракеттенүүсүнүн спецификасын аныктоого, ошондой эле КР курулуш компанияларында корпоративдик башкаруунун механизмдерин өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгууга мүмкүндүк берет. Ошентип, изилдөө темасы абдан актуалдуу болуп саналат, анткени ал курулуш чөйрөсүнүн алдында турган маанилүү милдеттерди жана чакырыктарды чечүүгө багытталган жана бардык региондорду туруктуу жана бирдей өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүүнү өбөлгөлөйт. Ошону менен бирге сунушталган изилдөө темасынын актуалдуулугу КРда курулушта корпоративдик башкаруунун маселелери жана көйгөйлөрү бүгүнкү күндө жетишсиз изилденгендиги менен шартталат.

**Диссертациянын темасынын приоритеттүү илимий багыттар, ири илимий программалар (долбоорлор), билим берүү жана илимий мекемелер тарабынан жүргүзүлүүчү негизги илимий-изилдөө иштери менен болгон байланышы.** Диссертациялык изилдөөнүн темасы төмөнкү мамлекеттик программаларды ишке ашыруу менен байланышкан: «2018–2040-жылдары КР өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы»; 2018–2022-жылдар мезгилинде КР региондук саясатынын концепциясы, «2020–2030-жылдарга КР курулуш тармагын өнүктүрүүнүн стратегиясы»; ошондой эле И. Раззаков атындагы КМТУнун «КР рыноктук мамилелер шартында уюмдарды башкаруунун көйгөйлөрү» изилдөө темасынын илимий багыты.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Диссертациялык иштин максаты КР курулушунда корпоративдик башкаруунун региондук өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен өнүктүрүү боюнча илимий-теориялык жоболорду жана практикалык сунуштамаларды иштеп чыгуу жана негиздөө болуп саналат.

Изилдөөнүн коюлган максатына жетүү үчүн төмөнкү милдеттер аныкталды:

1. корпоративдик башкаруунун теориялык жана уюштуруучулук-

укуктук аспекттерин жана курулушту өнүктүрүүдө анын ролун изилдөө жана жалпылоо жана изилдөөнүн түшүндүрмө аппаратын тактоо;

2. айрым чет өлкөлөрдүн мисалында курулушта корпоративдик башкарууну өнүктүрүүнүн дүйнөлүк практикасын изилдөө;

3. КРда региондук курулушту жана анын финансылык-инвестициялык индикаторлорун өнүктүрүү деңгээлин талдоо жана баалоо, аны өнүктүрүүнүн мыйзам ченемдүүлүгүн жана факторлорун аныктоо;

4. КР курулуш компанияларында корпоративдик башкаруунун абалын жана натыйжалуулугун, ошондой эле региондук курулушта анын натыйжалуулугун терең изилдөө жана баа берүү;

5. 2030-жылга чейинки мезгилде КР региондук курулушту өнүктүрүүгө таасир эткен факторлорду корреляциялык-регрессиялык талдоо, анын моделин иштеп чыгуу жана региондук курулушту өнүктүрүүнүн көрсөткүчтөрүнүн болжолун түзүү;

6. КР региондук курулушунда корпоративдик башкаруу системасын өнүктүрүүнүн концептуалдуу багыттарын жана методдорун негиздөө.

**Алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы** төмөнкүлөр менен бекемделет:

1. «корпоративдик башкаруу» жана «курулуштагы корпоративдик башкаруу» түшүнүктөрүн тактоонун негизинде курулуштагы корпоративдик башкарууну өнүктүрүүнүн теориялык жана уюштуруучулук-укуктук негиздери системалаштырылды жана жалпыланды, курулушту өнүктүрүүдө корпоративдик башкаруунун ролу негизделди;

2. чет өлкөлөрдөгү курулуш практикасында корпоративдик башкаруунун моделдерин салыштыруу талдоосу жүргүзүлдү, азыркы экономиканын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен КРда тажрыйбаны ыңгайлаштыруу максатында алардын артыкчылыктары аныкталды;

3. финансылык-инвестициялык индикаторлордун абалын эске алуу менен региондук курулуштун өнүгүү деңгээлине баа берилди, анын өсүү платформасын аныктоонун негизинде аны өнүктүрүүнүн мыйзам ченемдүүлүгү жана факторлору аныкталды;

4. терең изилдөө методдорунун негизинде КР курулуш компанияларында корпоративдик башкаруунун абалына жана анын региондук курулушта натыйжалуулугуна баа берилди;

5. корреляциялык-регрессиялык талдоо методдорунун негизинде 2030-жылга чейинки мезгилде КР региондук курулушун өнүктүрүүнүн кыйла маанилүү факторлору аныкталды, анын модели иштелип чыкты жана регион боюнча көрсөткүчтөрүнүн автордук болжолу аткарылды;

6. КР региондук курулушунда корпоративдик башкаруу системасын өнүктүрүүнүн концептуалдуу багыттары жана анын уюштуруучулук-методикалык камсыздоосу негизделди.

**Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү** региондук курулушту өнүктүрүү жана корпоративдик башкаруу системасын түзүү стратегиясын иштеп чыгууда мамлекеттик жана региондук органдардын, министрликтердин жана ведомстволордун практикасында изилдөө

жоболорун жана тыянактарын колдонуу мүмкүн экендигинде турат. Негизги тыянактар, сунуштар жана илимий-практикалык сунуштамалар КР региондорду өнүктүрүү жана региондук курулуш боюнча стратегияны жана программаларды иштеп чыгууда жана ишке ашырууда, ошондой эле КР ЖОЖдорунун окуу процессинде «Корпоративдик башкаруу», «Курулуштагы финансы», «Инвестициялык менеджмент», «Корпоративдик финансы» ж.б. дисциплиналары боюнча бакалаврларды жана магистрлерди даярдоодо колдонулушу мүмкүн.

**Алынган натыйжалардын экономикалык маанилүүлүгү.** Изилдөөнүн натыйжалары КР Экономика жана коммерция министрлигинде, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинде, ошондой эле курулуш чөйрөсүндөгү акционердик коомдордо колдонулушу мүмкүн. Корпоративдик башкарууну өнүктүрүүнүн концептуалдык негиздерин жана рыноктогу тенденцияларды эске алуу менен региондук курулуштун саясатын жана болжолдорун иштеп чыгууда.

**Диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболору:**

1. «корпоративдик башкаруу» жана «курулушта корпоративдик башкаруу» түшүнүктөрүн тактоо менен курулушта корпоративдик башкарууну өнүктүрүүнүн теориялык жана уюштуруучулук-укуктук аспекттери;
2. заманбап шарттарда аларды пайдалануу максатында өзгөчөлүктөрү жана артыкчылыктары аныкталган чет өлкөлөрдө корпоративдик башкарууну өнүктүрүүнүн моделдерин салыштыруу талдоосунун натыйжалары;
3. региондук курулуштун финансылык-инвестициялык индикаторлорунун абалын эске алуу менен өнүгүү деңгээлин баалоонун натыйжалары, аны өнүктүрүүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрү жана факторлору;
4. анын кемчиликтерин аныктоо жана КР региондук курулушунда андан ары өнүктүрүү зарылдыгын аныктоо менен корпоративдик башкаруунун абалын терең талдоо жана натыйжалуулугун баалоонун натыйжалары;
5. региондук курулуштун көрсөткүчтөрүн көп факторлуу корреляциялык-регрессиялык талдоо жана анын иштелип чыккан модели жана 2030-жылга чейинки мезгилде өнүктүрүүнүн автордук болжолу;
6. заманбап стандарттарды жана процесстерди эске алуу менен анын деңгээлин жогорулатуу үчүн КР региондук курулушунда корпоративдик башкарууну өнүктүрүүнүн концептуалдык багыттары иштелип чыкты.

**Изденүүчүнүн жеке салымы**. Автор тарабынан изилдөө предметине концептуалдык мамилелер иштелип чыкты, курулуштагы региондук дүң продуктулардын көлөмдөрүнүн маанилүү экономикалык көрсөткүчтөргө көз карандылыгына корреляциялык-регрессиялык талдоо жүргүзүлдү, сунушталган автордук индикаторлордун ж.б. негизинде региондук курулушту өнүктүрүүнүн болжолу берилди жана региондук курулушта корпоративдик

башкарууну өнүктүрүүнүн багыттары анын уюштуруучулук-методикалык камсыздоосун аныктоо менен негизделди.

**Диссертациянын натыйжаларын апробациялоо.** Диссертациялык изилдөөнүн негизги тыянактары жана натыйжалары улуттук жана эл аралык илимий-практикалык конференцияларда талкууланды: «Проблемы экономики и менеджмента в переходный период» (Бишкек ш., 2002-ж.), «Проблемы реализации КОР Кыргызской Республики» (Бишкек ш., 2002-ж.), «Экономика и государственность» (Бишкек ш., 2003-ж.), «Транспорт и инновации: вызовы будущего» (Минск ш., 2019-ж.), «Роль науки и инновационных технологий в устойчивом развитии горных территорий и экосистем» (Бишкек ш., 2022-ж.), «Современные тренды в строительстве: проблемы и пути их решения», (Бишкек ш., 2023-ж.).

**Диссертациянын натыйжаларынын жарыяланышы** Диссертациялык изилдөөнүн натыйжалары боюнча диссертациянын негизги мазмунун чагылдырган 14 илимий макала, анын ичинде чет элдик басылмаларда 3 макала, КР ИЦРИ басылмаларында 5 макала жана КР басылмаларында 6 макала жарыяланган.

**Диссертациянын түзүмү жана көлөмү.** Изилдөөнүн максатына жана милдеттерине ылайык аныкталды, ал шарттуу белгилердин жана кыскартуулардын тизмесинен, киришүүдөн, үч баптан, корутундудан, практикалык сунуштамалардан, колдонулган адабияттардын тизмесинен жана тиркемелерден турат. Иштин жалпы көлөмү таблицаларды жана сүрөттөрдү кошкондо 160 баракты түзөт.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** диссертациялык иштин темасынын актуалдуулугу негизделди, анын изилдөө даражасы жана теманын мамлекеттик илимий программалар менен байланышы ачылды, изилдөөнүн максаты жана милдеттери аныкталды, илимий жаңылыгы, иштин практикалык жана экономикалык маанилүүлүгү аныкталды, коргоого коюлган негизги жоболор келтирилди, диссертанттын жеке салымы жана изилдөөнүн натыйжаларын апробациялоо даражасы аныкталды.

«**Курулушта корпоративдик башкарууну өнүктүрүүнүн теориялык жана уюштуруучулук-укуктук негиздери»** деп аталган биринчи бапта корпоративдик башкаруунун теориялык аспекттери жана анын курулушту өнүктүрүүдөгү ролу, КРда корпоративдик башкарууну өнүктүрүүнү ченемдик жана методологиялык жактан камсыздоо, курулушта корпоративдик башкарууну өнүктүрүүнүн дүйнөлүк практикасы изилденди.

Ишканалардын ийгиликтүү иштешинде жана өнүгүшүндө натыйжалуу факторлордун бири корпоративдик башкаруу болуп саналат, ал кызыкдар тараптардын жана бардык стейкхолдерлердин талаптарын күчөтүү менен шартталган.

Эл аралык финансы корпорациясы (IFC) жана анын «Борбордук Азиядагы корпоративдик башкаруу» долбоору бүткүл дүйнө боюнча өнөктөш компанияларда корпоративдик башкаруунун мыкты стандарттарын практикалык ишке киргизүүгө максималдуу кызыкдар уюм катары

корпоративдик башкарууну төмөнкүдөй түрдө аныктайт: «Корпоративдик башкаруу – бул компаниянын башкаруу органдарынын, акционерлердин жана кызыкдар жактардын ортосундагы өз ара аракеттенүү системасы, ал алардын кызыкчылыктарынын балансын чагылдырат жана учурдагы мыйзамдарга ылайык жана эл аралык стандарттарды эске алуу менен компаниянын ишинен максималдуу пайда алууга багытталган». [*IFC Корпоративдик башкаруу. https://www.ifc.org/content/dam/ifc/doc/mgrt-pub/*]

Россиялык окумуштуулар И.В. Мишуровдун жана Е.А. Панфиловдун пикири боюнча «корпоративдик башкаруу – бул улуттук жана эл аралык корпоративдик мыйзамдардын алкагында коомдук кызыкчылыктарды эске алуу менен атаандыштыкты өнүктүрүүнүн узак мөөнөттүү стратегиясынын негизинде компанияны натыйжалуу башкаруу максатында акционерлердин, топ-менеджерлердин, директорлор кеңешинин жана башка кызыкдар тараптардын (стейкхолдерлердин) ортосундагы уюштуруучулук-башкаруучулук өз ара аракеттенүү системасы» [*Мишуров И.В., Панфилов Е. А. Корпоративдик башкаруу. - М. Дашков. Академборбор, 2012. - 825 б.*].

Кыргызстандын окумуштууларынын ичинен э.и.д. М.Ж. Тургунбаев корпоративдик башкаруу – бул корпоративдик мамилелердин бардык катышуучуларынын ортосунда укуктарды жана милдеттерди бөлүштүрүүнүн оптималдуу балансын камсыз кылуу үчүн колдонулуучу механизмдердин жыйындысы, ал өз кезегинде компанияны натыйжалуу башкарууну камсыз кылууга, корпоративдик мамилелердин бардык тараптарынын кызыкчылыктарын максималдуу канааттандырууга жана укуктарын коргоого тийиш деп эсептейт [*Ааламдашуу шарттарында Кыргыз Республикасында корпоративдик башкаруунун натыйжалуу системасын түзүү жана өнүктүрүү: теория жана практика маселелери. Бишкек шаары, 2019. 19-б*]

Окумуштуулардын каралган пикирлерин системалашытруунун жана жалпылоонун негизинде биз тараптан «курулуштагы корпоративдик башкаруу» түшүнүгүн төмөнкүдөй автордук чечмелениши сунушталат. ***Курулушта корпоративдик башкаруу*** курулуш компанияларынын жетектөөчү органдарынын, акционерлердин жана курулуш процессинде бардык катышуучулардын кызыкчылыктарынын балансын камсыз кылууга багытталган бардык кызыкдар тараптардын ортосундагы өз ара аракеттенүүнүн комплекстүү системасын жана максималдуу натыйжалуулукка жетүү жана бардык юридикалык ченемдерди, курулуштун талаптарын жана эл аралык стандарттарды сактоо максатында курулуш долбоорлорун натыйжалуу башкарууну билдирет.

Азыркы шартта региондук саясаттын алкагында региондордо элдин жашоо деңгээлин социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүү боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан коюлган жаңы милдеттерди ишке ашырууда курулуш тармагынын ролунун актуалдуулугу олуттуу жогорулоодо. Муну менен бирге курулуш чөйрөсүндө өнүгүүнүн фокусун анын туруктуулугун камсыздоого, ишкердик тобокелдиктерин жана башкаруу тобокелдиктерин жоюуга багыттоо болжолдонууда, анткени ал инвестициялардын олуттуу көлөмүн тартуу менен байланышкан. Бул

аспекттердин маңызы жана маанилүүлүгү Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 21-ноябрындагы № 614 “Көп батирлүү үйлөрдү жана кыймылсыз мүлктүн башка объекттерин курууга жеке же юридикалык жактардын финансылык каражаттарын тартуунун тартиби жана шарттары жөнүндө жобону бекитүү тууралуу” акыркы токтомдорунда баса белгиленген.

«**Кыргыз Республикасынын региондук курулушунда корпоративдик башкаруунун абалын диагностикалоо**» деп аталган экинчи бапта региондук курулушту өнүктүрүү, курулушту өнүктүрүүнүн финансылык жана инвестициялык индикаторлорунун деңгээлине талдоо жана баалоо жүргүзүлдү жана региондук аспектте курулуштагы корпоративдик башкаруунун абалына уюштуруучулук-экономикалык баа берилди.

**Диссертациялык изилдөөнүн объекти** болуп Кыргыз Республикасынын аймагында иштеген курулуш чөйрөсүнүн экономикалык субъекттеринин жыйындысы катары региондук курулуш саналат.

**Изилдөөнүн предмети** анын ишинин өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен, региондук курулушта корпоративдик башкаруу системасын түзүү жана өнүктүрүү менен байланышкан уюштуруучулук-экономикалык мамилелердинжыйындысы болуп саналат.

**Изилдөө методдору жана материалдары.** Иште изилдөөнүн жалпы илимий, статистикалык методдору, абстракттуу-логикалык, салыштыруу методу, түзүмдүк-функциялык, графикалык, көп факторлуу корреляциялык-регрессиялык талдоо, болжолдоо, интерпретация, болжолдоо, экспеттик баалоо методу жана башкалар.

*Изилдөөнүн материалдары* катары улуттук жана чет өлкөлүк авторлордун атайын экономикалык адабияттары, мыйзамдык, ченемдик жана методикалык материалдар, КР региондук өнүктүрүү программалары, тармактык документтер жана программалар, КР УСК расмий маалыматтары,

2.1.-таблица – КР региондору боюнча туруктуу калктын санын динамикасы, миң адам


| Көрсөткүчтөрдүн аталышы | **2018** | **2019** | **2020** | **2021** | **2022** | **2022-жылга 2018-ж. (эсе)** | **Регион боюнча ээлеген орду** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| КР | 6 257 | 6 389 | 6 523 | 6 637 | 6 747 | 1,08 | - |
| ***анын ичинде облустар боюнча:*** | | | | | | | |
| Баткен | 514 | 525 | 537 | 548 | 559 | 1,09 | 5 |
| Жалал-Абад | 1191 | 1214 | 1239 | 1261 | 1282 | 1,07 | 2 |
| Ысык-Көл | 483 | 490 | 496 | 502 | 506 | 1,05 | 6 |
| Нарыня | 284 | 287 | 290 | 292 | 294 | 1,03 | 8 |
| Ош | 1314 | 1342 | 1368 | 1392 | 1415 | 1,08 | 1 |
| Талас | 259 | 264 | 267 | 271 | 274 | 1,06 | 9 |
| Чүй | 922 | 941 | 960 | 975 | 986 | 1,07 | 4 |
| ***шаар*** | | | | | | | |
| Бишкек | 1002 | 1027 | 1054 | 1074 | 1099 | 1,1 | 3 |
| Ош | 289 | 300 | 313 | 322 | 334 | 1,15 | 7 |

Булак: маалыматтар боюнча түзүлдү [https://www.stat.kg]

КР жана анын региондорунун курулушунда корпоративдик башкаруунун абалына жана өнүктүрүүгө тиешеси бар уюмдардын электрондук ресурстары жана маалыматтар базасы, ошондой эле изилдөө процессинде автор тарабынан алынган эмпирикалык маалыматтар кызмат кылды.


КР региондору боюнча калктын туруктуу саны 2018–2022-жж. оң динамикага ээ болгон, 2022-жылы 6747 миң адамды түзсө, тескерисинче 2018-жылы 6257 миң адамды түзгөн. Калктын саны боюнча биринчи үчилтикке Ош, Жалал-Абад облустары жана Бишкек шаары кирген.

Экономиканын өнүгүшүн мүнөздөгөн кыйла маанилүү көрсөткүч болуп ички дүң продукт (ИДП) эсептелет. ИДПнын көрсөткүчү экономиканын тармактарынын жана чөйрөлөрүнүн өндүрүү натыйжаларын мүнөздөйт. Өнүгүү деңгээлин жана өсүү темптерин баалоо үчүн курулуш боюнча ИДПнын көрсөткүчүн карайбыз.




2.1-сүрөт. КР курулушунун ИДПсынын динамикасы, млн сом
Булак: маалыматтар боюнча түзүлдү [https://www.stat.kg]

Изилдөөдө КРда курулуш боюнча ИДП 2018-2022-жылдары 1,4 эсеге көбөйүп, 2022-жылга карата 72 144,3 млн сомго жеткени аныкталган, мында 2022-жылы изилдөө мезгилинде эң жогорку өсүш темпи байкалган – 125,7%.





2.2-сүрөт – 2022-жыл үчүн КР экономикалык ишинин түрлөрү боюнча ИДПнын үлүшү, % менен

Булак: маалыматтар боюнча иштелип чыкты [https://www.stat.kg]

2.2-сүрөттө көрүнүп тургандай, КРда курулуш тармагы ИДПга карата 7,1 % үлүштү түзөт жана дүң жана чекене соода, продукттарга таза салык; кайра иштетүүчү өндүрүш; айыл чарбасы сыяктуу тармактарга өлкөнүн экономикасынын бардык 19 тармагынын ичинен 5-орунду ээлейт.


КР региондук курулуштун өнүгүү деңгээли, биздин ишибизде курулуш боюнча РДП көрсөткүчтөрү аркылуу талданат. РДПнын, анын ичинде курулуш боюнча РДПнын методологиялык мааниси ал региондун экономикалык абалынын региондук аспектин мүнөздөйт жана аны изилдөө өнүктүрүү тренддерин изилдөөгө мүмкүндүк берет. Алсак, регион боюнча курулуш боюнча ВРП ар бир региондун салымдарын жана ар бир региондун изилденген көрсөткүчтөрү боюнча анын өнүгүү мыйзам ченемдүүлүктөрүн аныктоого мүмкүндүк берет.




2.3-сүрөт. КР региондору боюнча курулуш боюнча РДПнын динамикасы, млн сом

Булак: маалыматтар боюнча түзүлдү [https://www.stat.kg]

2.3-сүрөттөн көрүнүп тургандай, курулуш боюнча РДПнын эң көп өсүшү: Ош (2,6 эсе), Бишкек (1,5 эсе), Баткен (4,3 эсе), Ош (1,7 эсе) шаарлары боюнча белгиленет. Жалал-Абад жана Талас облустарында изилдөө мезгилинде бир аз төмөндөө байкалат.




2.4-сүрөт. 2022-ж. үчүн КР региондору боюнча курулуш боюнча РДПнын үлүшү, %

Булак: маалыматтар боюнча түзүлдү [https://www.stat.kg]

Ар бир региондун региондук курулуштагы салымын баалоо курулуш боюнча жалпы РДПнын үлүшү менен мүнөздөлөт. Курулуш боюнча РДПнын кыйла көп үлүшү менен Бишкек ш., Чүй жана Жалал-Абад облустары айырмаланат жана 2022-жылы тиешелүүлүгүнө жараша 45,6 %, 12,8 % жана 10,7 % түздү.

Иште статистикалык маалыматтардын негизинде КР региондор боюнча

курулуш компанияларынын санынын динамикасы талданган. Мында каралган мезгилде 2018–2022-жылдары КР боюнча жалпысынан 489 уюм өскөндүгү байкалган жана 2022-жылга карата 2651 уюмду түзгөн, ал эми 2018-жылы 2162 уюм болгон. 2021-жылы 17 уюм рыноктон чыгып кеткен, бирок 2022-жылы дагы 44 курулуш уюму рынокко кошулган. Региондор боюнча курулуш уюмдарынын эң көп саны Бишкек ш. – 234 уюм, Чүй облусунда – 103 уюм, Ош ш. – 47 уюм, кыйла азыраак санда Талас облусунда – 23, Баткен облусунда – 22, Нарын облусунда – 3 белгиленген. Ысык-Көл облусунда 1 уюм ишин токтотуп, 71 курулуш уюмун түзгөн.

Андан ары иште региондук курулуштун деңгээлинин көрсөткүчтөрү талданды, мисалы: турак үйлөрдү ишке киргизүү, калкты турак жай менен камсыз кылуу, аткарылган подряддык иштердин көлөмү жана башкалар .

Региондук курулуштун курамында КР региондору боюнча бүтпөгөн курулуштун көлөмүн (БКК) изилдөөнү маанилүү деп эсептейбиз. Талдоодо жалпысынан КР боюнча БККнын көлөмү 2022-жылы дээрлик 1,3 эсеге өсүп, 229186,1 млн сомду түзгөндүгү аныкталган. Мында БККнын эң көп көлөмү төмөнкү облустарда топтолгон: Жалал-Абад облусу (80274,8 млн сом), Ысык-Көл (15338,7 млн сом), Ош ш. (15 488,7 млн сом), Талас (11310,2 млн сом), Ош (8270,6 млн сом).

Иштин курулуштагы финансылык абалынын деңгээлин баалоо үчүн коэффициентти жана талдоону салыштыруу методун колдонуунун негизинде анын финансылык индикаторлору изилденген.

2.2-таблица – КР курулуш тармагындагы ишканалардын ишинин финансылык индикаторлорунун динамикасы, 2018–2022-жж.

| **Көрсөткүчтөр** | **2018** | **2019** | **2020** | **2021** | **2022** | **2022-ж 2018-ж карата (эсе)** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Товарларды, продукцияларды (жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү) сатуудан түшкөн каражат млн сом | 41961,6 | 40117,8 | 37917,2 | 55022,9 | 58445,3 | 140 |
| Баланстык пайда (зыян), млн сом | 1295,5 | 1073,0 | 546,0 | 2636,7 | 61,2 | -4,7 |
| Сатуу рентабелдүүлүгү,% | 3,1 | 2,7 | 1,4 | 4,8 | 0,1 | -3,0 |
| Бүтпөгөн өндүрүш млн сом | 176538,0 | 206438,3 | 195017,6 | 197764,2 | 229186,1 | 130 |
| Дебитордук карыз млн сом | 13257,2 | 23973,0 | 25951,2 | 31041,3 | 44909,8 | 339 |
| Кредитордук карыз млн сом | 44341,3 | 66487,3 | 68604,9 | 77816,0 | 99771,8 | 225 |

Булак :автор тарабынан түзүлдү [https://www.stat.kg]


2.2-таблицада көрүнүп тургандай, түшкөн пайда 1,4 эсе көбөйгөнүн көрүүгө болот, бирок баланстык пайда көрсөткүчү төмөндөп баратат, сатуу рентабелдүүлүгү дагы 3,0 %га төмөндөйт. Курулуштагы финансылык туруктуулукту изилдөөдө учурдагы өтүмдүүлүк коэффициенти сунуш кылынганга (1,5-2,0) каршы төмөн мааниге (1ге жакын) ээ экендиги аныкталды. Бул кредитордук карыздын көрсөткүчүнүн өсүшүнө таасирин тийгизди, ал 2,3 эседен ашык өстү. Бул жалпысынан КР курулуш уюмдарынын төлөө жөндөмдүүлүгүнүн алсыздыгынан кабар берет жана

алардын финансылык туруктуулугунун начарлаганын күбөлөндүрөт.

Курулушта корпоративдик башкарууну өнүктүрүүнү уюштуруучулук-экономикалык баалоо үчүн КРда менчиктештирүү процесси изилденген, 1993-жылдан 2022-жылга чейин бардыгы болуп Кыргыз Республикасында 7 359 объект менчиктештирилген, анын ичинен акционердик коомдорду кошкондо 421 курулуш чөйрөсүндө. Иште КР региондору боюнча корпоративдик башкаруу субъекттеринин түзүмдүк-динамикалык талдоосу берилген. 2022-жылы акционердик коомдордун саны – 85ти түздү: алардын 54 –ААК, 31 тиешелүүлүгүнө жараша ЖАК болуп саналат. 2022-жылы 2018-жылга салыштырмалуу ААКтын саны 12 компанияга, ал эми ЖАК 3 компанияга кыскарган. ААК Бишкек шаарында жана Талас облусунда 1 уюм боюнча олутсуз көбөйүү белгиленген. Ошондой эле ири ААКтар негизинен Бишкек ш. жана Чүй облусунда жайгашкандыгын белгилей кетүү керек.

Курулушта корпоративдик башкаруунун абалын изилдөө жана өнүктүрүү үчүн иште төмөнкүдөй курулуш компаниялары каралды: «Бишкеккурулуш» ПСФ ААК, «Азат» ДСК ААК, «Оргтехстрой» ААК, «Чүйбатышкурулуш» ААК, «Кыргызэнергострой» ААК, «Кыргыз-Ата Куруучу» ААК. Изилдөө көрсөткөндөй, 54 ААКтын ичинен 5 гана курулуш компаниясы: «Бишкеккурулуш» ПСФ ААК, «Азат» ДСК ААК, «Оргтехстрой» ААК, «Чүйбатышкурулуш» ААК, «Кыргызэнергострой» ААК – бул ААКтын жалпы санынын 9,3 % түзөт, КФБдагы өзүнүн иши жөнүндө толук маалымат берет жана жайгаштырат, мындан тышкары алардын сайттары толук иштейт. Листингдик бүтүмдөр «Бишкеккурулуш» ПСФ ААК жана «Кыргызэнергострой» ААК сыяктуу эки курулуш компаниясында гана жүргүзүлгөн.


Акционерлер жана стейкхолдерлер үчүн курулуш компанияларынын ишинин финансылык натыйжалары боюнча маалыматтар өзгөчө кызыгууну жаратат.




2.5-сүрөт – Курулуш компанияларынын түшкөн пайдасынын жана таза кирешесинин динамикасы, миң сом

Булак: маалымат боюнча түзүлдү [https://www.kse.kg/]


Жүргүзүлгөн талдоо көрсөткөндөй, курулуш компанияларында түшкөн пайда, таза киреше жана сатуу рентабелдүүлүгү 2021-жыл үчүн «Оргтехстрой» ААКты кошпогондо, көбөйгөн жана учурдагы өтүмдүүлүк жана төлөөгө жөндөмдүүлүк көрсөткүчтөрү ченемдик чектен төмөн эмес көрсөтүлгөн (2.5-2.6-сүрөттөрдү караңыз).




2.6-сүрөт – Курулуш компанияларынын сатуулардын рентабелдүүлүк коэффициентинин жана учурдагы өтүмдүүлүгүнүн динамикасы (% менен)

Булак: маалыматтар боюнча түзүлдү [https://www.kse.kg/]

Аталган компаниялардын дивиденддик саясатынын натыйжалары төмөндө берилди.




2.7-сүрөт. Курулуш компанияларынын акциялары боюнча дивиденддерди төлөө динамикасы (жөнөкөй), сом

Булак: маалыматтар боюнча түзүлдү [https://www.kse.kg/]

Изилденип жаткан мезгил үчүн курулуш компанияларынын дивиденддерини өлчөмдөрү оң динамиканы көрсөтүүдө. «Бишкеккурулуш» ПСФ ААКтын дивиденддеринин өлчөмү 4,44 % көбөйгөн. «Азат» ДСК ААКтын дивиденддеринин өлчөмү 70.2 %га көбөйгөн. «Оргтехстрой» ААК 2021 жана 2022-жылдары дивиденддерди төлөгөн эмес, бул финансылык кыйынчылыктарды же компаниянын өнүгүшүнө пайданын кайра инвестициялангандыгын күбөлөндүрүшү мүмкүн. «Чүйбатышкурулуш» ААК дивиденддеринин өлчөмүнүн олуттуу өсүшүн көрсөтүүдө. Үч жылдын ичинде төлөмдөр 75 %га көбөйгөн. «Кыргызэнергострой» ААК дивиденддеринин өлчөмү олуттуу олку-солкулуктарды көрсөтүүдө. 2021-жылы төлөмдөр кескин түрдө 15 сомго чейин төмөндөдү, бирок 2022-жылы алар 77,6 сомго чейин көбөйдү, бул 2021-жылы мүмкүн болгон финансылык көйгөйлөр жана 2022-жылы алардын жарым-жартылай чечилиши жөнүндө күбөлөндүрөт.

Кыргызстандын курулуш компанияларынын корпоративдик башкаруунун абалын талдоо жана баалоо максатында автордук эксперттик сурамжылоо жүргүзүлгөн. Сурамжылоого жогоруда аталгандар менен бирге 25 курулуш компания катышкан: «ЭМАРК Групп», «Авангардстиль»

ЖЧКсы, «Эмарк Строй» ЖЧКсы, «Имарат Строй» ЖЧКсы, «Ихлас» ЖЧКсы, «Элит Хаус» ЖЧКсы, «Альфа-строй» ЖЧКсы, «Дастан Строй» ЖЧКсы, «РТР-Стиль» ЖЧКсы, «ТАЖ-Чебер» ЖЧКсы.

Жүргүзүлгөн эксперттик баалоонун натыйжасында региондук курулушта корпоративдик башкарууну андан ары өнүктүрүү зарылдыгы негизделген. Ошондой эле ААКта гана эмес, ЖЧКда да корпоративдик башкарууну өнүктүрүү зарылдыгы жөнүндө тыянак чыгарылды.

ААК ийгиликтүү өнүгүшү үчүн натыйжалуу корпоративдик башкарууну жөнгө салуу керек, анткени инвесторлорду сапаттуу жана натыйжалуу башкаруусу бар компанияларга гана кызыктырат. Бул үчүн көз карандысыз директорлор кеңешин түзүү талап кылынат, анын максаты башкаруунун сапатын жогорулатуу, ошондой эле бизнес жүргүзүүнүн ачыктыгын камсыз кылуу. Көз карандысыз директорлор кеңеши компаниядагы тобокелдиктерди натыйжалуу башкарууга мүмкүндүк берет. Бардык сунушталган чаралар курулуш компанияларда корпоративдик башкарууну түзүүгө багытталган.

«**Кыргыз Республикасынын региондук курулушунда корпоративдик башкарууну өнүктүрүүнүн негизги багыттары**» деп аталган үчүнчү бапта факторлорго корреляциялык-регрессиялык талдоо жүргүзүлдү жана региондук курулушту өнүктүрүү модели иштелип чыкты; 2030-жылга чейин региондук курулуштун болжолу иштелип чыкты жана региондук курулушта натыйжалуу корпоративдик башкаруу системасын түзүү негизделди.

Мурунку главаларда жүргүзүлгөн изилдөөлөр көрсөткөндөй, курулуш боюнча КР региондору боюнча экономика менен РДПнын ортосунда белгилүү бир өз ара байланыш бар. Бул жобо терең илимий жана теориялык негиздемени талап кылды. Ушул максатта белгиленген изилдөө гипотезасын ырастоо үчүн эконометрикалык изилдөө жүргүзүлдү. Мындай учурда региондук курулушта экономикалык өлчөө деп курулуштагы РДП саналат, млн сом. Корреляциялык-регрессиялык талдоонун натыйжаларын курулушта РДПга таасир этүүчү көрсөткүчтөргө жана факторлорго жараша каарйбыз. 2013-2022-жылдар мезгилинде натыйжалуу көрсөткүч (У) катары курулуш боюнча РДП (млн сом) алынган, ал КР региондук курулуштун өнүгүү деңгээлин көрсөткөн негизги көрсөткүч болуп саналат.

3.1.-таблица – 2013–2022-жылдары КР региондук курулуштун экономикалык көрсөткүчтөрү жана факторлору

| Жыллар | КР региондору боюнча курулуш боюнча РДП | КР региондору боюнча чет өлкөлүк инвестициялардын түшүү түзүмү | КР региондору боюнча бүткөрүлбөгөн курулуш | КР региондору боюнча курулуш уюмдары тарабынан аткарылган капиталдык жана учурдагы оңдоо | КР региондору боюнча курулуш уюмдары тарабынан аткарылган подряддык иштердин көлөмү | КР региондору боюнча жалпы билим берүүчү мектептерди ишке киргизүү | КР региондору боюнча курулуш кызматкерлеринин саны |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | млн сом | млн долларов США | млн сом | млн сом | млн сом | уч мест | человек |
| | у | X1 | X2 | X3 | X4 | X5 | X6 |

Булак: автор тарабынан эсептелди [https://www.stat.kg]

Өз ара байланышкан факторлорду сапаттык жана сандык талдоонун негизинде биз КР региондору боюнча төмөнкү негизги көрсөткүчтөрдү иштеп чыктык жана моделге киргиздик.


Биз тараптан жүргүзүлгөн изилдөө натыйжаны түшүндүрүүчү негизги көрсөткүчтөрдү аныктоого жана 5-таблицада берилген 2020–2030-жылдары эсептик болжолдуу көрсөткүчтөрдү алууга мүмкүндүк берди.

3.2-таблица – 2022-жылга КР региондору боюнча курулуш боюнча РДП жана 2030-жылга болжолу, млн сом

| Облус/Шаар | Терндин тендемеси | Курулуш боюнча РДП млн сом | |
|---|---|---|---|
| | | **2022** | **2030** |
| Баткен | $y = 70{,}497x^2 - 682{,}62x + 2442{,}3$ | 3674,2 | 12996,37 |
| Жалал-Абад | y = 476,86x+3411,5 | 7765,9 | 11994,98 |
| Ысык-Көл | y = 468,48x+2223,4 | 6399,7 | 10658,22 |
| Нарын | y=1157.89+76.72 $x$ | 2145,9 | 2538,83 |
| Ош | y = 210,67x+854,68 | 4037,8 | 4646,74 |
| Талас | y = 55,02x+336,62 | 631,7 | 1326,89 |
| Чүй | $y = 5393x^{0{,}23}$ | 9229 | 10621,65 |
| Бишкек ш. | y=3216.6+2965.2 $x$ | 32904,3 | 56590,2 |
| Ош ш. | y = 451,05x-174,78 | 5355,8 | 7944,12 |

Булак: автор тарабынан түзүлдү

Болжолдонуучу мезгил ичинде КР бардык региондору боюнча изилденген мезгил ичинде эконометрикалык моделге киргизилген бардык көз карандысыз өзгөрмөлөрдүн өсүү тенденциясын көрсөтүүдө.




3.1-сүрөт. Региондук курулуш боюнча РДПнын салыштырма гистограммасы, (млн сом) 2022 жана 2030-жылдар үчүн

Булак: автордук маалымат боюнча эсептелди


Ошентип, Кыргызстанда экономикалык өсүштү камсыз кылуучу тармактар негизинен курулушка багытталгандыгын эске алуу менен алардын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу максатында курулуш тармагын өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү зарыл. Курулуш тармагынын мааниси өлкөнүн гана эмес, региондордун дагы социалдык-экономикалык

өнүгүүсүнүн туруктуулугунун башкы факторлорунун бири жана социалдык жана экономикалык милдеттерди чечүүүчүн негизги инструменттердин бири болуп калууда. Бирок белгилей кетсек, жалпысынан өлкөнүн региондорунда курулуш чөйрөсүнүн шарттарын жакшыртуу жагымдуу келечекке ээ.

Иште биз тараптан «Бишкеккурулуш» ПСФ ААКтын алдынкы курулуш компанияларынын курстарынын болжолу жасалды.

Курулуш уюмдарынын финансылык абалын болжолдоо келечектеги мүмкүнчүлүктөрдү аныктоодо маанилүү ролду ойнойт. “Бишкеккурулуш” ПСФ ААКтын негизги көрсөткүчтөрүн болжолдоо алдыдагы чыгымдарды оптималдаштырууга, ресурстарды натыйжалуу бөлүштүрүүгө, өзгөрүп жаткан рыноктук шарттарга ыңгайлашууну жеңилдетүүгө, финансылык жана башка тобокелдиктерди башкарууга мүмкүндүк берет, ошондой эле инвесторлор жана кредиторлор багыт алган фирманын потенциалын аныктоого мүмкүндүк берет. «Бишкеккурулуш» ПСФ ААКтын баалуу кагаздар рыногундагы финансылык мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо үчүн ишибизде баалуу кагаздар боюнча бүтүмдөрдүн санын, акциялардын санын, акциялардын орточо наркын жана бүтүмдөрдүн көлөмүн болжолдойбуз.

**Прогнозирование средней цены акций**




3.2-сүрөт. «Бишкеккурулуш» ПСФ ААКтын жөнөкөй акцияларынын иш жүзүндөгү жана болжолдуу маалыматтары

Булак: автор тарабынан түзүлдү

КР курулушунда корпоративдик башкаруу системасын өнүктүрүү багыттарын изилдөө жана иштеп чыгуу натыйжалуулуктун зарыл деңгээлин камсыз кылуучу анын төмөнкү концептуалдык векторлорун аныктоого мүмкүндүк берди: башкаруунун жана өнүктүрүүнүн сапаттуу стратегиясын калыптандыруу; корпоративдик башкаруунун уюштуруучулук жана өндүрүштүк түзүмүн оптималдаштыруу; башкаруу процесстеринин натыйжалуу стандарттарын түзүү жана ишке ашыруу; корпоративдик башкаруунун актуалдаштырылган стилин киргизүү жана иштеп чыгуу; персоналдын зарыл болгон компетенттүүлүгүн, персоналдын оптималдуу курамы жана корпоративдик баалуулуктарга берилгендигин камсыз кылуу.

Корпоративдик башкарууну өнүктүрүү инвестициялык-курулуш чөйрөсүнө инвестициялардын көлөмүнүн өсүшү үчүн маанилүү болгон олуттуу аспект болуп саналат. Ошентип, корпоративдик башкаруунун адекваттуу абалы региондук курулуш рыногундагы инвестициялык

активдүүлүк үчүн маанилүү багыт болуп саналат. Ошол эле учурда региондук курулушта корпоративдик башкаруунун деңгээлин өркүндөтүүнүн уюштуруучулук-экономикалык методдору маанилүү ролду ойнойт (3.3-сүрөт).




3.3-сүрөт. Корпоративдик башкарууну өркүндөтүүнүн уюштуруучулук-экономикалык методдору

Булак: автор тарабынан түзүлдү

Жүргүзүлгөн изилдөөлөр курулушта корпоративдик башкаруу системасын жакшыртуу зарылдыгын аныктайт, ал курулуш компанияларынын ишинин натыйжалуу өсүшүн камсыз кылууга тийиш.

Жүргүзүлгөн изилдөөлөргө ылайык инвесторго төмөнкү укуктар керек, алар төмөнкүлөрдү камтыйт: акцияга менчик укугун ишенимдүү каттоо; акциянын ээсин өзгөртүү жөнүндө чечим; компания жөнүндө маанилүү маалыматка системалуу жетүү; акционерлердин жылдык чогулуштарына активдүү катышуу; ДК мүчөлөрүн шайлоо жана кайра шайлоо; компаниянын кирешесинин бир бөлүгүн алуу.

Изилдөөлөр көрсөткөндөй, корпоративдик башкаруу системасынын натыйжалуулугу индикаторлордун жыйындысы аркылуу чагылдырылат, алар субъекттердин ортосундагы ишеним даражасы, анын катышуучуларынын өз ара аракеттенүүсүнүн сапаты жана биргелешкен долбоорлорду ишке ашырууда анын натыйжалуулугу жана корпоративдик маданияттын болушу.

Ошону менен бирге корпоративдик башкаруу системасынын натыйжалуу иштеши региондогу курулушту өнүктүрүүгө оң таасирин тийгизип жаткандыгын белгилей кетүү керек, бул курулуш уюмдарын корпоративдик системага киргизүүнүн зарылдыгын жана маанилүүлүгүн көрсөтүп турат.

## КОРУТУНДУ

Диссертациялык иште коюлган максатка ылайык курулушта корпоративдик башкарууну өнүктүрүүнүн региондук аспекттери изилденген.

1. Анын негизинде «корпоративдик башкаруу» жана «курулуштагы

корпоративдик башкаруу» деген түшүнүктөр такталып, курулуштагы корпоративдик башкарууну өнүктүрүүнүн теориялык жана уюштуруучулук-укуктук негиздери системалаштырылган жана жалпыланган.

2. Курулуштагы корпоративдик башкаруунун дүйнөлүк практикасын изилдөө корпоративдик башкаруунун негизги моделдерин спецификалык белгилерин аныктоого жана стандарттары менен принциптерин классификациялоого мүмкүндүк берди.

3. Кыргыз Республикасында региондук курулуштагы корпоративдик башкаруунун абалын диагностикалоонун натыйжасында, Кыргыз Республикасынын 7 регионунун жана шаарынын социалдык-экономикалык өнүгүү көрсөткүчтөрүнүн оң тенденцияларын мүнөздөгөн маалыматтар алынды жана региондук курулушту өнүктүрүүгө таасир этүүчү факторлор аныкталды жана анын финансылык жана инвестициялык потенциалына баа берилди.

4. Региондук курулуштагы корпоративдик башкарууга экономикалык баалоо жүргүзүлдү, Кыргыз Республикасынын региондору боюнча корпоративдик башкаруу субъекттеринин түзүмдүк-динамикалык талдоосу түзүлдү.

5. Тандалган индикаторлордун негизинде финансылык туруктуулук, өтүмдүүлүк коэффициенттери, сатуудан түшкөн пайда жана башка көрсөткүчтөр сыяктуу индикаторлордун негизинде башкаруунун корпоративдик формасы бар курулуш компаниялары үчүн корпоративдик башкарууга экономикалык баа берилди. Коюлган тапшырмаларды чечүү жана региондук курулушта корпоративдик башкаруунун абалын изилдөө процессинде курулуш тармагындагы региондук субъекттердин туруктуулугуна терс таасирин тийгизген бир катар факторлор аныкталган, анын ичинде: курулуш уюмдарынын инвестициялык ресурстарынын өздүк булактарынын өлчөмдөрүн азайтуу; региондун экономикасында жалпысынан инвестициялык активдүүлүктүн начарлашы; курулуш тармагына багытталган негизги капиталга инвестициялардын өсүү темпинин төмөндөшү.

Бул факторлор, башкалар сыяктуу эле, региондук субьекттердин курулуш секторунда корпоративдик башкарууну өнүктүрүүгө олуттуу таасирин тийгизет жана тармактын туруктуу өнүгүүсүн камсыз кылуу үчүн башкаруунун натыйжалуу стратегияларын андан ары изилдөөнү жана иштеп чыгууну талап кылат.

6. Изилдөөнүн жүрүшүндө корреляциялык-регрессиялык моделге негизделген региондук курулушта корпоративдик башкаруу системасынын (КБС) натыйжалуулугун баалоого методикалык мамиле иштелип чыккан жана апробацияланган.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАМАЛАР

Региондук курулушту корпоративдик башкарууну андан ары өнүктүрүү үчүн төмөнкүлөр керек:

1. Региондордо курулуш компанияларында ачык-айкындуулук, жоопкерчилик, отчеттуулук жана адилеттүүлүк сыяктуу корпоративдик

башкаруу принциптеринин андан ары өнүгүшүн камсыз кылуу жана директорлор кеңеши, башкарма, текшерүү комиссиясы түзүлүшү керек. Түзүмдүн бул элементтери корпоративдик башкаруу кодексинин принциптерине жана курулуш компаниялардын финансылык коопсуздугуна ылайык натыйжалуу иштешин камсыз кылуу үчүн зарыл.

2. Региондорду өнүктүрүү үчүн, биздин пикирибиз боюнча корпоративдик башкаруу принциптерин өнүктүрүүгө багытталган окутуу иш-чараларын өткөрүү керек. Бул өзүнө башкаруу кадрларын натыйжалуу башкаруунун негиздерине окутууну, алдынкы методикаларды жана стандарттарды киргизүүнү камтыйт, бул региондордо корпоративдик башкаруунун туруктуу өнүгүүсүнө жетишүүгө мүмкүндүк берет.

3. Региондук курулушту андан ары өнүктүрүү, жумуш орундарынын өсүшүн камсыз кылуу, бизнес-активдүүлүктү өнүктүрүү максатында өбөлгөлөөчү куралдардын жардамы менен чет өлкөлүк инвестицияларды тартуу үчүн жагымдуу инвестициялык климатты камсыз кылуу зарыл.

4. Региондук курулушка келечекте корпоративдик башкаруу стратегиясын актуалдаштыруунун негизинде өзүнүн миссиясын ишке ашыруунун сапатын жогорулатуу зарыл.

5. Калктын саны, өзгөчө региондордо өсүшү менен инфраструктураны өнүктүрүүгө жана курулуштун натыйжалуулугуна муктаждык өсүүдө, буга байланыштуу пландоону, каржылоо, башкаруунун санариптик технологияларын модернизациялоо зарыл.

6. Корпоративдик башкаруу стратегияларын иштеп чыгууда курулуш иштеринин айлана-чөйрөгө тийгизген таасирин, ошондой эле ресурстарды жана энергияны керектөөлөрдү эске алуу зарыл. Айлана-чөйрөгө тийгизген терс таасирлерди азайтууга багытталган туруктуу өнүгүү жана экологиялык жоопкерчилик негизги принциптер болуп саналышы керек.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН ТЕМАСЫ БОЮНЧА ЖАРЫЯЛАНГАН ЭМГЕКТЕРДИН ТИЗМЕСИ

1. **Токталиева, А.К.** Основы организации корпоративного управления в стройиндустрии Кыргызстана [Текст] / А.К. Токталиева // КРСУ. Проблемы экономики и менеджмента в переходный период. ЖОЖдор аралык илимий-практикалык конференциянын материалдары. – Бишкек, 2002. – 300-305-б. ISBN 9967-405-93-7

2. **Токталиева, А.К.** Проблемы развития законодательной и правовой базы корпоративного управления в КР [Текст] / А.К. Токталиева // Республикалык илимий-практикалык конференциянын материалдары. Проблемы реализации КОР Кыргызской Республики. – Бишкек, 2002. – 264-266-б. ISBN 9967-408-59-6

3. **Токталиева, А.К.** Становление модели корпоративного управления в Кыргызской Республике [Текст] / А.К. Токталиева, К.О. Торалиев, Б.Б. Сасыкулов // Республикалык илимий-практикалык конференция. «Экономика государственность». Ж. Баласагын атындагы КУУнун баяндамлар жыйнагы. – Бишкек, 2003. – С.101-103. ISBN 9967-08-069-8

4. **Токталиева, А.К.** Внедрение и развитие системы корпоративного управления в Кыргызстане [Текст] / А.К. Токталиева // И. Раззаков атындагы КМТУнун кабарлары № 14 – Бишкек, 2008. – С.320-324. ISSN 9967-45-57

5. **Токталиева, А.К.** Информационное обеспечение корпоративного управления [Текст] / А.К. Токталиева // КЭУнун жарчысы № 1 (11). – Бишкек, 2009. – 152-154-б. ISSN 1694-5778

6. **Токталиева, А.К.** Кумулятивное голосование – основа корпоративного управления [Текст] / А.К. Токталиева // КЭУнун вестниги № 3 (22). – Бишкек, 2012. – 162-165-б. ISSN 1694-5778

7. **Токталиева, А.К.** Формирование системы корпоративного управления в КР [Текст] / А.К. Токталиева // «Туран» университетинин жарчысы № 4 (48). – Алматы, 2010. – 101-105-б. ISSN 1562-2959 https://elibrary.ru/item.asp?id=27515243

8. **Токталиева, А.К.** Пути совершенствования корпоративного управления в КР [Текст] / А.К. Токталиева // Вестник Университет «Туран» – Алматы, 2011 - № 1 (49). – 94-98-б. ISSN 1562-2959. https://elibrary.ru/item.asp?id=27515275

9. **Токталиева, А.К.** Особенности нормативно-правовой базы в области корпоративного управления в КР [Текст] / А.К. Токталиева // «Туран» университетинин жарчысы – Алматы, 2014 – № 2 (62). ISSN 1562-2959. https://elibrary.ru/item.asp?id=27424012

10. **Токталиева, А.К.** Современные методы управления дебиторской задолженностью предприятий. [Текст] / О. Курманбеков, А.К. Токталиева // КРСУ жарчысы – Бишкек, 2019. –19-том № 11. – 52-55-б. ISSN: 1694-500X. https://elibrary.ru/item.asp?id=41747296

11. **Токталиева, А.К**. Анализ моделей корпоративного управления в мировой практике [Текст] / А.К. Токталиева, О. Курманбеков // Н. Исанов атындагы КМКТАУнун жарчысы – Бишкек, 2020. – № 1 (67). – 181-187-б. ISSN: 1694-5298. https://elibrary.ru/item.asp?id=44336317

12. **Токталиева, А.К**. Анализ и оценка финансового потенциала строительного комплекса Кыргызской Республики [Текст] / А.А. Шербекова, А.К. Токталиева // И. Раззаков атындагы КМТУнун кабарлары – Бишкек, 2023. - № 3 (67). – 1587-1595-б. ISSN 1694-8335 (print) ISSN 1694-8343 (online). https://elibrary.ru/item.asp?id=54991270

13. **Токталиева, А.К.** Необходимость развития корпоративного управления в региональном строительстве Кыргызской Республики [Текст] / А.А. Шербекова, А.К. Токталиева // И. Раззаков атындагы КМТУнун кабарлары – Бишкек, 2023. – № 4 (68). ISSN 1694-8335 (print) ISSN 1694-8343 (online). https://elibrary.ru/item.asp?id=58483450

14. **Токталиева, А.К.** Анализ и оценка тенденции регионального строительства в Кыргызской Республики [Текст] / А.А. Шербекова, А.К. Токталиева // Борбордук Азиядагы бухгалтерлердин жана аудиторлордун Ысык-Көл форумунун кабарлары – Бишкек, 2023. – № 4 (35). ISSN: 1694-7347. https://elibrary.ru/item.asp?id=65473923

**Токталиева Асель Карыбековнанын 08.00.06 – улуттук жана региондук экономика адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн «Кыргыз Республикасынын курулушунда корпоративдик башкарууну өнүктүрүүнүн региондук аспекттери» темасындагы диссертациясынын**

**РЕЗЮМЕСИ**

**Негизги сөздөр**: курулуш, региондук курулуш, региондук аспекттер, региондук дүң продукт, инвестициялар, корпоративдик башкаруу, натыйжалуу башкаруу, корреляциялык-регрессиялык талдоо, болжолдоо.

**Диссертациялык изилдөөнүн объекти** КР аймагында иштеген курулуш чөйрөсүнүн экономикалык субъекттеринин жыйындысы катары региондук курулуш болуп саналат.

**Изилдөөнүн предмети** анын иштөө өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен региондук курулушта корпоративдик башкаруу системасын түзүү жана өнүктүрүү менен байланышкан уюштуруучулук-экономикалык мамилелердинжыйындысы болуп саналат.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Диссертациялык иштин максаты региондук өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен КР курулушунда корпоративдик башкарууну өнүктүрүү боюнча илимий теориялык жана практикалык сунуштамаларды иштеп чыгуу жана негиздөө болуп саналат.

**Изилдөө методдору**: абстракттуу-логикалык, салыштыруу, жалпылоо, абстракциялоо, топтоо, түзүмдүк-функциялык, графикалык, көп факторлуу корреляциялык-регрессиялык талдоо, интерпретация, болжолдоо, эксперттик баалоо методу жана башкалар.

**Алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы:** «корпоративдик башкаруу» жана «курулуштагы корпоративдик башкаруу» түшүнүктөрүн тактоонун негизинде курулушта корпоративдик башкарууну өнүктүрүүнүн теориялык жана уюштуруучулук-укуктук негиздери системалаштырылды жана жалпыланды; чет өлкөлөрдө корпоративдик башкаруунун моделдерине салыштырма талдоо жүргүзүлдү, заманбап экономиканын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен КР курулушунда алардын тажрыйбасын ыңгайлаштыруу максатында алардын артыкчылыктары аныкталды; региондук курулушта анын финансылык-инвестициялык индикаторлорунун абалын эске алуу менен өнүктүрүү деңгээлине баа берилди; региондук курулуштагы корпоративдик башкаруунун абалына жана натыйжалуулугуна баа берилди; 2030-жылга чейинки мезгилде КР региондук курулушун өнүктүрүүнүн модели жана автордук болжолу иштелип чыкты; КР региондук курулушунда корпоративдик башкарууну өнүктүрүүнүн багыттары негизделди.

**Пайдалануу даражасы**: изилдөөнүн натыйжалары КР Экономика жана коммерция министрлигинде жана КР Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинде апробацияланды.

**Колдонуу чөйрөсү:** изилдөөнүн натыйжалары корпоративдик башкарууну өнүктүрүү маселелери менен иштеген министрликтердин жана ведомстволордун ишинде колдонулушу мүмкүн.

## РЕЗЮМЕ

**диссертации Токталиевой Асель Карыбековны на тему: «Региональные аспекты развития корпоративного управления в строительстве Кыргызской Республики» на соискание ученой степени кандидата экономических наук по специальностям 08.00.06 – национальная и региональная экономика**

**Ключевые слова**: строительство, региональное строительство, региональные аспекты, валовый региональный продукт, инвестиции, корпоративное управление, эффективности управление, корреляционно-регрессионный анализ, прогнозирование.

**Объектом диссертационного исследования** является региональное строительство как совокупность экономических субъектов строительной сферы, функционирующих на териториях КР.

**Предметом исследования** является совокупность организационно-экономических отношений связанных с формированием и развитием системы корпоративного управления в региональном строительстве с учетом особенностей его функционирования.

**Цель и задачи исследования.** Целью диссертационной работы является разработка и обоснование научно теоретических и практических положений рекомендаций, по развитию корпоративного управления в строительстве КР с учетом его региональных особенностей.

**Методы исследования:** абстрактно-логический, сравнительный метод, обобщение, абстрагирование, группировка, структурно-функциональный, графический, многофакторный корреляционно-регрессионный анализ, интерпретация, прогнозирование, метод экспертной оценки и другие.

**Научная новизна полученных результатов:** систематизированы и обобщены теоретические и организационно-правовые основы развития корпоративного управления в строительстве, на основе которых уточнено понятие «корпоративное управление» и «корпоративное управление в строительстве»; проведен сравнительный анализ моделей корпоративного управления в зарубежных странах, выявлены их преимущества в целях адаптации их опыта в строительстве КР с учетом особенностей современной экономики; дана оценка уровня развития регионального строительства с учетом состояния его финансово-инвестиционных индикаторов, выявлены закономерности и факторы его развития; дана оценка состояния и эффективности корпоративного управления в региональном строительстве; разработана его модель и авторский прогноз развития регионального строительства КР на период до 2030 года; обоснованы направления развития корпоративного управления в региональном строительстве КР.

**Степень использования:** результаты исследования апробированы в Государственном агентстве архитектуры, строительства и жилищно-коммунального хозяйства при Кабинете Министров КР.

**Область применения:** результаты исследования могут использоваться в работе министерств и ведомств, занимающихся вопросами развития корпоративного управления.

**RESUME**

**of the dissertation by Toktaliyeva Asel Karibekovna on the topic: «Regional Aspects of Corporate Governance Development in the Construction Industry of the Kyrgyz Republic» for the degree of Candidate of Economic Sciences in the specialties 08.00.06 - national and regional economics.**

**Keywords:** construction, regional construction, regional aspects, gross regional product, investments, corporate governance, management efficiency, correlation-regression analysis, forecasting.

**The object of the dissertation** research is the regional aspects of corporate governance development in the construction industry of the Kyrgyz Republic.

**The subject of the research** is the set of organizational-economic relations related to the formation and development of the corporate governance system in regional construction, taking into account the peculiarities of its functioning.

**The aim and objectives of the research.** The aim of the dissertation work is to develop and substantiate theoretical propositions and practical recommendations on the regional aspects of corporate governance development in the construction industry of the Kyrgyz Republic.

**Research methods:** abstract-logical, comparative, forecasting, generalization, abstraction, multifactor correlation-regression analysis, logical, forecasting, etc.

**Scientific novelty of the obtained results:** The theoretical and organizational-legal foundations of corporate governance development in construction have been systematized and summarized, based on which the concepts of «corporate governance» and «corporate governance in construction» have been clarified. A comparative analysis of corporate governance models in foreign countries has been carried out, their advantages have been identified for the purpose of adapting their experience in the construction sector of the Kyrgyz Republic, taking into account the specifics of the modern economy. An assessment of the level of development of regional construction has been given, taking into account the state of its financial and investment indicators, and the patterns and factors of its development have been identified. An assessment of the state and efficiency of corporate governance in regional construction has been given. A model and author's forecast for the development of regional construction in the Kyrgyz Republic until 2030 has been developed, and directions for the development of corporate governance in regional construction in the Kyrgyz Republic have been substantiated.

**Degree of utilization:** the research results have been tested in the Ministry of Economy and Commerce of the Kyrgyz Republic and the State Construction Authority.

**Application area:** the research results can be used in the work of ministries and departments dealing with issues of corporate governance development.